Эл аралык мамилелер факультетинин окумуштуулар кеңешинин
кезектеги жыйынынын

**ПРОТОКОЛУ**

**31-май, 2022-жыл №4, Ош шаары**

Төрайымы: С.С.Ибраимова
Катчысы: Г.М.Даниярова

Катышкандар: окумуштуулар кеңешинин15 мүчөсүнөн 13 мүчөсү катышты.

1. Ибраимова С.С.
2. Нурдинова К.Х.
3. Джаныбекова В.Б.
4. Курбанбаев К.А.
5. Азимова Ж.Ч.
6. Эркебаев Э.М.
7. Токоева Г.А.
8. Раджапова Н.
9. Ташыбаева А.К.
10. Бердибек уулу Ч.
11. Сулайманова Г.Б.
12. Даниярова Г.М.
13. Аматова Г.Р.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. Факультет жана кафедралардын сайттагы маалыматтык иштеринин абалы.**
Сайт боюнча жооптуу: Г.Б. Сулайманова
**2. Факультеттеги бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын жүргүзгөн иш-аракеттери жана милдеттери**
Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын жетекчиси: Г.Б. Сулайманова.
**3. Факультеттеги студенттердин жана магистранттардын илимий изилдөө иштеринин уюштурулуусу жана жүрүүсү**
Эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы: К.Х. Нурдинова
**4. Факультеттеги бүтүрүүчү курстагы студент жана магистранттардын мамлекеттик аттестацияга даярдыгы жөнүндө**
Декандын окуу иштери боюнча орун басары: Ташыбаева А.К.
**5. Факультеттин кесиптик кошунунун жүргүзгөн ишинин абалы**
Кесиптик кошундун жетекчиси: Э.М. Эркебаев
**6. Ар түрдүү маселелер**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 15 мүчөсүнөн 13 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Ошондуктан ОК ачык деп жарыялайм. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?
Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан “макул”.

Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга – 3-5мин.,
жарыш сөзгө - 3мин .
суроо - 1 мин.

«каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан, “бекитилсин”

**1. Факультет жана кафедралардын сайттагы маалыматтык иштеринин абалы**

**Угулду: Сайт боюнча жооптуу Г.Б. Сулайманова:** Факультеттин сайттагы маалыматтык иштери боюнча баяндама жасады. Анда кээ бир маалыматтар толукталып, жаңылануусу керектигине токтолду. Ошондой эле маалыматты берүүдөн мурун факультеттеги тилчи окутуучуларга (кыргыз, орус, англис тили окутуучулары) текшертип, анан сайтка киргизүү керектигин кошумчалады. (Презентация тиркелет)

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар?

**Ф.и.к., доцент Э.М. Эркебаев:** Сайт- бул биздин жүзүбүз. Андагы ар бир маалымат так жана туура болуусу абзел. Биз Эл аралык мамилелер деген атыбызга дал келе тургандай маалыматтардын баары 3 тилде киргизилсе.

Анда жогорудагы сунушту эске алып, токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан.

**2. Факультеттеги бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын жүргүзгөн иш-аракеттери жана милдеттери**

Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын жетекчиси: Г.Б. Сулайманова.
Аткарылган иштер боюнча презентация жасады. (презентация тикелет)

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: Эл аралык мамилелер кафедрасынын профессору:** Аткарылган иштер менин оюмча аз болуп жатат. Алдыда аткарылчу иштерди күчөтүшүбүз керек. Бул бир гана Сулайманова Гульмира эжекейдин милдети эмес. Биздин адистикти аяктаган көп эле бүтүрүүчүлөрүбүз бар. Аларды таап, ассоциациябыздын курамын кеңейтишибиз керек.

**3-маселе.** Факультеттеги студенттердин жана магистранттардын илимий изилдөө иштеринин уюштурулушу жана жүргүзүлүшү

**Угулду: Эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы проф. К.Х. Нурдинова:** Биз план боюнча иш алып баруудабыз. Кафедрада “Международник” аталышындагы клуб ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Илим жумалыгында жалпы 13 доклад студенттер жана магистранттар тарабынан даярдалды.

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, күн тартибиндеги 3-маселени карап чыгып, 2021-2022-окуу жылындагы студенттердин жана магистранттардын илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы менен алдыдагы милдеттери боюнча отчетторду талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан.

**4-маселе.** Факультеттеги бүтүрүүчү курстагы студент жана магистранттардын мамлекеттик аттестацияга даярдыгы жөнүндө

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Факультеттеги бүтүрүүчү курстагы студент жана магистранттардын мамлекеттик аттестацияга даярдыгы жөнүндө маалыматты алуу үчүн окуу иштери боюнча декандын орун басары А.К. Ташыбаева айтып берсе.

Ар бир группа боюнча кенири маалымат берилди. (Презентация тиркелет)

**5. Факультеттин кесиптик кошунунун жүргүзгөн ишинин абалы**

Кесиптик кошундун жетекчиси: Э.М. Эркебаев

**УГУЛДУ: Кесиптик кошундун торагасы Э.М. Эркебаев:** Урматтуу кесиптештер! Кесиптик кошун тарабынан аткарылган итер боюнча төмөнкү презентацияда таанышып чыксаңыздар болот. (Презентация тиркелет)

**6. Ар түрдүү маселелер.**

**Эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын улук окутуучулук кызматына шайлоо өткөрүү.**

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынын улук окутуучулук кызматына шайлоо боюнча бир сунуш келип түшкөн. Ташыбаева Алина Курманбаевна биздин факультетте 2 жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Бул маселеге карата сунуш, пикириңиздерди билдирип койсоңуздар. Кимде кандай сунуш бар?

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: философия жана политология кафедрасынын башчысы, профессордун м.а.К.А.Курбанбаев:** Шайлоо өткөрүү үчүн эсептөө комиссиясын шайлап алыш керек. Ар бир кафедрадан бирден окутуучуну бекитсек.

1. **Эсептөө комиссиясынын төрагасы:**

   Мүчөлөрү: Аматова Г. жана Бердибек у. Ч.

Эл аралык мамилелер кафедрасынын улук окутуучулук кызматына Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан добуш берилип, 15 добуш менен шайланды.

**Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, Окумуштуулар кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

**1.1.** Берилген сунуштар эске алынсын жана сайттагы маалыматтарды жаңылап, кошумча маалыматтарды киргизүү иштери күчөтүлсүн;

**1.2.** Ар бир кафедра башчылары кафедранын сайтына жооптуу кылып бирден адамды дайындасын жана жаңы киргизилген маалыматтарга ошол адамдар жооптуу деп милдеттендирилсин;

**2.1.** Факультеттеги бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын жүргүзгөн иш-аракеттери күчөтүлсүн;

**3.1.** Кафедра башчылары жана магистратура бөлүмүнүн координатору берген маалыматтар

эске алынсын;

**4.1** Факультеттеги студенттердин жана магистранттардын илимий изилдөө иштеринин уюштурулуусу катуу көзөмөлгө алынсын;

**4.2** Токтомдун аткарылышы илимий иштер боюнча декандын орун басары Н.Раджаповага жүктөлсүн.

**5.1.** Ош МУнун Эл аралык мамилелер факультетинин кесиптик кошундун төрагасы Э.М. Эркбаев кесиптик кошунунун жүргүзүлгөн ишинин абалы боюнча маалыматы эске алынсын;
**5.2** 2021-2022-окуу жылындагы Ош Мунун ЭАМФде кесиптик кошуну тарабынан аткарылган иштери боюнча маалымат канаатандыраарлык деп табылсын.
**6.1.** Эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын улук окутуучулук кызматына А.К. Ташыбаева шайлансын.
**6.2.** Эл аралык мамилелер факультетинин Окумуштуулар кеңешинин токтомун карап берүү жагы ОшМУнун ректоруна сунушталсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы:** ДЕКАНАТ **С.С. Ибраимова**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **Г.М. Даниярова**